**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И.АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**С.НААМАТОВ атындагы НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**"Б е к и т е м и н"**
**Д.25.21.634 Диссертациялык кеңешинин төрагасы,**
**география илимдеринин доктору, профессор**
**_____________________ Чодураев Т.М.**

**Диссертациялык ишти алдын ала кароо боюнча**
**Д.25.21.634 Диссертациялык кеңешинин отурумунун № 1 протоколу**

Бишкек шаары 2021-жылдын 27-майы

Д.25.21.634 Диссертациялык кеңешинин төрагасы,
г.и.д., профессор Чодураев Т.М.
Окумуштуу катчы, г.и.к., доцент Акматов Р.Т.

**Д.25.21.634 Диссертациялык кеңештин отурумуна катышты:**

| **№** | **Фамилиясы жана аты-жөнү** | **Окумуштуулук даражасы жана наамы** | **Адистигинин шифри** |
|---|---|---|---|
| 1 | Акматов Руслан Тынымсейитович | г.и.к., доцент | 25.00.36 |
| 2 | Бекбоева Махабат Амантуровна | э.и.д., доцент | 25.00.24 |
| 3 | Дылдаев Мирлан Муктарович | г.и.д., доцент | 25.00.24 |
| 4 | Култаев Топчубай Чокоевич | э.и.д., профессор | 25.00.24 |
| 5 | Матикеев Курманали | г.и.д., профессор | 25.00.36 |
| 6 | Мейманов Бакыт Каттоевич | э.и.д., профессор | 25.00.24 |
| 7 | Низамиев Абдурашит Гумарович | г.и.д., профессор | 25.00.24 |
| 8 | Почечун Виктория Александровна | г.и.д., доцент | 25.00.36 |
| 9 | Сыдыков Бакыт Кадыралиевич | э.и.д., профессор | 25.00.24 |
| 10 | Топчубаев Аширбек Бердибекович | г.и.д., доцент | 25.00.36 |
| 11 | Чодураев Темирбек Макешович | г.и.д., профессор | 25.00.36 |
| **Катышкан жок (жүйөөлүү себептер менен)** | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 12 | Кожошев Арзыбек Орозбекович | э.и.д., доцент | 25.00.24 |
| 13 | Надыров Шерипжан Маруфович | г.и.д., профессор | 25.00.24 |

**Күн тартибинде:**

1. Момошева Гулиза Абылкасымовнанын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын алдын ала кароо. Илимий жетекчи, г.и.д., профессор Низамиев А.Г.

**Төрага Чодураев Т.М.**: Саламатсыздарбы, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү? Биздин диссертациялык кеңештин биринчи отурумунун ачылышы менен куттуктайм. Бүгүнкү отурумга катышып отургандарды атап кетейин (*тизме боюнча аталды*). Кворум бар: 13 мүчөдөн 11 адам катышып жатат. Анда эмесе Момошева Гулиза Абылкасымовнанын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын алдын ала кароого уруксат этиңиздер. Илимий жетекчи, г.и.д., профессор Низамиев А.Г. Изденүүчүнүн документтери менен таанышуу үчүн сөз окумуштуу катчы, доцент Р.Акматовго берилет.

**Окумуштуу катчы Акматов Р.Т.**: Изденүүчү Г.Момошеванын жекече ишинде төмөнкү документтер бар: диссертациялык кеңештин төрагасы профессор Т.Чодраевдин атына 2021-жылдын 22-апрелинен жазылган арызы; өздүк баракчасы; жогорку кесиптик билими жөнүндө дипломунун тастыкталган көчүрмөсү; кандидаттык минимумду тапшыргандыгы жөнүндө удостоверение; диссертация аткарылган мекеменин бүтүмү; илимий теманы жана илимий жетекчисин бекитүү боюнча буйруктан көчүрмө; илимий жетекчинин сын-пикири; өндүрүшкө киргизүү актылары (Кара-Суу жана Кочкор-Ата шаарларынын мэриясынан, ОшМУдан); 21 аталыштан турган илимий эмгектердин тизмеси. Илимий иш Ош мамлекеттик университетинин экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын кеңейтилген отурумунда алдын ала талкуудан өткөрүлгөн (2021-жылдын 22-февралындагы №7-протоколу). Диссертациялык кеңеште кароо үчүн керектүү документтер толук түрдө берилген.

**Төрага Чодураев Т.М.**: Окумуштуу катчыга суроолор барбы?

**Катышуучулар:** Суроолор жок.

**Төрага Чодураев Т.М.**: Сөз Момошева Гулиза Абылкасымовнага «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын негизги жоболору менен тааныштыруу үчүн берилет (*бул үчүн изденүүчүгө 15-20 минута берилди*).

**Момошева Г.А.:** «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» аттуу диссертациясынын негизги жоболору менен 16 минутада тааныштырды.

**Төрага Чодураев Т.М.**: Изденүүчүгө суроолорду бериңиздер.

**Дылдаев М.М.:** Докладыңызга чоң ыракмат. Методологиясы боюнча сиз берип жаткан маалыматтар боюнча калктын айыл чарбасында эмгектенүүсүнүн пайыздык көрсөткүчтөрүн сиз статистикалык булактардан алдыңызбы же сурамжылоо жүргүздүңүзбү?

**Момошева Г.А.:** Рахмат сурооңузга, мен бул ишти аткарууда статистикалык булактарды пайдаландым.

**Дылдаев М.М.:** Экинчи суроо. Өсүү импульсу боюнча жаңылык киргизип жатасыз, ушул жерде сиз чоң шаарларды импульс таратуучу катары алыпсыз, бирок чоң шаарлар биринчи өзүнө тартат андан кийин импульс жайылтат эмеспи, сиз схемаңызга бир аз өзгөртүү киргизсеңиз болобу?

**Төрага Чодураев Т.М.**: Изденүүчү берилген суроолорду жазып алыңыз андан кийин жооп бересиз. Кийинки суроо барбы?

**Мейманов Б.К.:** Сиздин диссертацияңыз экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча болгондуктан экономист катары сизге төмөндөгүдөй суроом бар. Адам башына болгон кирешени сиз 2017-жыл менен кээ бир жерде 2018-жылдык көрсөткүч менен алыпсыз. Эмне үчүн 2019 жана 2020-жылдарды карабадыңыз? Экинчи суроом, шаарларды өүктүрүү багыты катары сиз кичи шаарлардын базасында акылдуу шаар жана “жашыл” шаар экономикасын түзүүнү сунуштапсыз, ошол боюнча айтып берсенизчи? Кийинки суроом, брендди кандайча түшүнөсүз?

**Сыдыков Б.К.:** Экономист катары мен улантып кетсем, Гулиза Абылкасымовна, темаңыз жакшы тема, актуалдуулугу бар жана азыркы биздин абалыбызга, салык экономикабызга аябай керектүү тема экен. Сиз ушул теманын алкагында жактаган экономисттердин иштерин окуп, карап чыктыңызбы жана мисал катары айтып берсеңиз? Кийинки суроом, жалпы чет элдик каржылар канчалык деңгээлде келип атат? Учүнчү суроо, түштүк аймактын кичи шаарларынын салык төлөө маселесин карап чыктыңызбы?

**Бекбоева М.А.:** Шаарлардын демографиялык агымы жана бул шаарлардын кайсынысы демографиялык агымдын жогорку көрсөткүчүн көрсөтөт? Кийинки суроом, жумушуңузда акылдуу шаар жөнүндө жазыпсыз, ушул акылдуу шаарды өнүктүрүү үчүн кандай иштерди аткаруу зарыл?

**Төрага Чодураев Т.М.**: Башка суроолор жок болсо, берилген суроолорго жооп берүү үчүн изденүүчүгө сөз берейли.

**Момошева Г.А.:** Рахмат суроонуздарга.Суроолорго жооп:

1) көрүнүп тургандай, өсүү импульсунун жакынкы кичи шаарларга таасири чоң, алыстаган сайын таасири азайып отурат. Демек, өсүүнүн импульсу негизинен инновациялык же жаңылык киргизүүлөр менен борбордон курчап турган тараптарга кетет. Ага географиялык көрсөткүчтөр (аралык, рельефтин өзгөчөлүгү, климаттык абал ж.б.) чечүүчү мааниде таасир этет. Муну Ош жана Жала-Абад шаарларынын ортосунда көрсөттүк. Өзбекстандын жакны шаарларынын да ушундай эле таасири болушу мүмкүн. Ал эми изилденип жаткан аймак үчүн өсүү уюлдары болуп социалдык-экономикалык өнүгүүнүн озуу менен мүнөздөлгөн абалы ачык байкалган мейкиндик ареалы түшүндүрүлөт.

2) адам башына болгон кирешени биз 2017-жыл менен карагaнбыз себеби 2019 жана 2020-жылдарга карата маалымат жок болду.

3) кичи шаарларды өнүктүрүүнүн төмөнкү багыттарын негиз катары аныктадык жана сунуштайбыз: шаарлардын финансылык базасын чыңдоо жана инвестиция тартууну кеңейтүү; шаар чарбасы үчүн приоритеттүү тармактарды өнүктүрүү; кичи шаарлардын базасында акылдуу шаар жана «жашыл» шаар экономикасын түзүү; кичи шаарларды этномаданияттын очогу катары сактоо; өзгөчө кырдаалдарды жөнгө салуу. Мында акылдуу шаар жана «жашыл» кичи шаарларды калыптандыруу идеясы ыңгайлуу жана жарашыктуу шаар мейкиндигин түзүүгө багытталып, ал архитектуралык-эстетикалык, экологиялык, санитардык-гигиеналык, эмоционалдык-психологиялык критерийлер менен бааланат. Заманбап кичи шаар жашоо жана бизнес үчүн ылайыктуу мейкиндикке айланат.

4) Кыргызстанда урбанизация жана шаарлардын өнүгүүсү боюнча географиялык максаттагы изилдөөлөр көп эмес. Мисал катары Ж.М.Кемелдинованын диссертациялык изилдөөлөрүн айтсак болот. Ошондой эле Н.Добрецованын экономикалык-географиялык абалга байланыштуу биздин талдоолордун жыйынтыктары менен шайкеш келген изилдөөсүн белгилеп кетебиз.

5) түштүк аймактын кичи шаарларынын салык төлөө маселеси каралган жок, иштин максатында көрсөтүлгөн эмес.

6) Шаарлардын демографиялык агымы боюнча да каралган жок.

7) Кыргыз Республикасында азыркы мезгилде «Таза коом» мамлекеттик программасынын бөлүгү болгон «Акылдуу шаар» долбоору ишке ашырылууда. Бул долбоор көптөгөн майда долбоорлорду өзүнө камтып, өлкө жарандарына мамлекеттик кызматтарды электрондук форматта алууга мүмкүндүк берет, алардын коопсуздугун жана ыңгайлуу жашоосун жогорулатат.

**Төрага Чодураев Т.М.**: Сиз отура берсеңиз болот. Анда сөз илимий жетекчиси, профессор А.Низамиевге берилет.

**Низамиев А.Г.:** Момошева Гулиза Абылкасымовнанын иши 2010-жылы бекитилип, 10 жылдан бери илимий ишинин үстүнөн иштеди. Ишти аткаруу учурунда биздин кыйналнбыз статистикалык маалыматтардын жоктугу болду. Ошондой эле таанып-билүү, окуу жана илимий изилдөө максатында шаарлар жөнүндө биринчилик маалыматтардын жеткиликсиздиги байкалат жана шаарлардын расмий сайттары жок же толук эмес. Жада калса, шаарлардын социалдык-экономикалык паспорту массага жеткиликтүү эмес. Момошева Гулиза көп конференцияларга чыгып сүйлөдү, жалпысынан 23 эмгектин автору. Эмгектери Кыргыз Республикасынан тышкары Казакстан Республикасы, Россия Федерациясы, Өзбекстан Республикасы жана Тажикстан Республикасынын рецензирленүүчү илимий мезгилдүү басмаларында жарык көрдү. Изденүүчү тарабынан практикалык салымдар дагы болду, экономикалык-географиялык абалын аныктоо жана анын ыңгайлуу жактарын пайдалануу боюнча алынган илимий иштелмелери Кара-Суу жана Кочкор-Ата шаарларынын мэриялары тарабынан тиешелүү документтерди иштеп чыгууда колдонулду. Кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясынын чегинде өсүү точкаларын, өсүү линияларын жана өсүү коридорлорун калыптандыруу боюнча жаңы багыт киргизди. Мен жетекчиси катары сиздерди колдоп берүүңүздөрдү суранам. Рахмат.

**Төрага Чодураев Т.М.**: Сиздерде илимий жетекчисине суроолор барбы?

**Катышуучулар:** Суроолор жок.

**Төрага Чодураев Т.М.**: Анда аталган диссертациялык иш боюнча дайындалган эксперттерге сөз берилет. Бул иш боюча э.и.д., профессор Култаев Т.Ч., г.и.д. Дылдаев М.М. жана э.и.д. Бекбоева М.А. эксперт катары дайындалган. Анда сөз М.Дылдаевге берилет.

**Дылдаев М.М.:** Өзүнүн эксперттик бүтүмүн окуп берди (*текст тиркелет*).

**Төрага Чодураев Т.М.**: Экспертке суроолор барбы?

**Катышуучулар:** Суроолор жок.

**Төрага Чодураев Т.М.**: Кийинки сөз эксперт Т.Култаевге берилет.

**Култаев Т.Ч.:** Өзүнүн эксперттик бүтүмүн окуп берди (*текст тиркелет*).

**Төрага Чодураев Т.М.**: Кийинки сөз эксперт М.Бекбоевага берилет.

**Бекбоева М.А.:** Өзүнүн эксперттик бүтүмүн окуп берди (*текст тиркелет*).

**Төрага Чодураев Т.М.**: Сөз айтылган кемчилдиктерге жооп берүү үчүн изденүүчүгө берилет.

**Момошева Г.А.:** Урматтуу төрага, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, ушул талкууда өзүңүздөрдүн пайдалуу ойлоруңуздарды, ошону менен катар суроо, сын-пикирлерди бергениңиздер үчүн ыраазычылыгымды билдиремин. Шаарлардын өнүгүүсүндө финансылык факторлорго аз көнүл бурулуп калганы боюнча айтылды. Официалдуу статистикалык маалыматтарда аймактык деңгээлде жетишсиз болуп жатат. Шаарларды профилдештирүү маселелерин мындан аркы иштерде караса болот. Шаарлардын өнүгүүсүндө демографиялык поенциал башкы мааниге ээ жана статистикалык маалыматиардын жоктугунан тиешелүү талдоо болгон жок. Шаарларды өнүгүүсүнүн прогнозун иштеп чыгуу биздин келечектеги ишибиз деп билем. Айтылган сунуш-кемчиликтерди сөзсүз түрдө эске алабыз.

**Төрага Чодураев Т.М.**: Эми талкууга өтөлү. Кимде кандай пикир бар?

**Сыдыков Б.К.:** Гулиза Абылкасымовна, сиз 10 жылдан бери эрк кылып жазып атканыңыз бул чоң нерсе. Ишиңизди карап чыктым, ишиңиз актуалдуу жана бул темада жактагандар абдан аз. Сизге ийгилик каалаймын. Анан дагы сизге эки ток этер жерин айтып койсом, сиз жазып алыңыз, жетекчиңиз менен биргеликте караштырып мүмкүн болсо кошуп койсоңуздар. Ишиңиздин илимий жаңылыгында берилгендей кичи шаарлар аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун негизи катары алардын өнүгүүсүнүн багыттарын иштеп чыгыпсыздар, мына ошого улап кичи шаарлардын социалдык-экеномикалык абалын, ИДПнын көрсөткүчүн, кирешелердин агымын мисал катары эки-үч шаардын алкагында таблица аркылуу көрсөтсөңүз жакшы болот эле. Кийинки атуучу нерсе, сиз ишиңизге көбүнчө россиялык окумууштуулардын иштерин пайдаланыпсыз, өзүбүздүн окумуштуулардын иштерин кошуп кетсеңиз ашыкча болбойт деп ойлоймун. Сизге ийгилик каалаймын, кийинки иштериңизге көмөктөшмүн.

**Дылдаев М.М.:** Мен жогорку айтылган сөздөргө кошуламын. Илимий иштин чеги болбойт, илимий иш ар дайым процессте жүрөт экен. Бул жакта айтылган сын-пикирлерди эске алуу менен кийинки процесстерге ишиңизди сунуштаймын. Акыркы 10-15 жылдар аралыгында бизде чоң көйгөй болууда, Шаарларды изилдөө боюнча, региондорду изилдөө боюнча эч кандай диссертация жакталбагандыгын айтсак болот. Кичи шаарлар – кыргыз экономикалык географиясы үчүн жаңы изилдөө багыты болгондуктан ал социалдык-экономикалык өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө жараша өзүнчө изилдөө усулдарына муктаж. Экономика жаатында чындыгында көптөгөн изилдөөлөр жүрүп жатат. Ал эми социалдык-география жаатында аткарылган иштер чындыгында аз. Сиз айткандай бул жаатта азыраак болууда. К.О.Оторбаев, Н.Б.Бакиров, А.Исаевдер баары экоом-географтар болчу, бирок булардын да

эмгектеин карап көрсөңүз. Азыр жаңы муун өсүп келе жатат, мен ойломун ушул менен регенерация болуп жаңы илимий ачылыштар болот бул тармакта дагы.

**Бекбоева М.А.:** Эксперт катары иш менен таанышып чыктым. Мен колдойм. Жакшы иш аткарылган жана изденүүчүгө ийгилик каалайм.

**Матикеев К.М.:** Биринчиден окумуштуулар кеңешинин жаңы мүчөлөрү бар экен, куттуктайбыз, бизди совет абдан ынтымактуу иштеди. Советтин берген суроолорун жана талкууларын угуп олтуруп биздин совет күчтүү болот деген чечимге келдим. Ушул темптен жазбаш керек. Анда эми бул жерде суроо болуп жатат 2017-2018-жылдардагы маалыматтар колдонулуп кийинкилер эмнеге колдонулбайт деген, бул суроого жакшы жооп берилди. Кийинки сынга өтсөк, көбүнчө география колдонулуп калыптыр деген ойлор айтылып атат, бул географияга уклон жасалганы иш, экономикалык-география боюнча жазылып атат. Ишти биз караганбыз Гулизага туура багыт берип кээ бир жерлерин оңдотконбуз. Мына ошолордун пайдасы тийип олтурат. Иш абдан жакшы деңгээлде жазылган. Дагы бир маселе чоң жана кичи шаарлар боюнча диссертациялар жазыла элек, бул иш биринчи болуп жазылып жатат. Улуу муун катары мен өзүмдүн ыраазычылыгымды айтамын. Ал эми Момошева ишин ийгиликтүү жактап алганына тилектешмин жана Гулизаны колдоймун.

**Төрага Чодураев Т.М.**: Анда акыркы сөз изденүүчү Г.Момошевага берилет.

**Момошева Г.А.:** Урматтуу төрага, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, сын-пикирлерди берип, мага бир кыйла колдоо жардам көрсөтүп, баалуу кеңештериңиздерди бергениңиздер үчүн ыраазычылыгымды билдиремин. Баарыңыздарга чоң ыракмат.

**Төрага Чодураев Т.М.**: Эми биз расмий оппоненттерди жана жетектөөчү мекемени бекитишибиз керек. Эксперттердин сунушу менен биринчи оппонент катары Дылдаев Мирлан Муктарович, география илимдеринин доктору, 25.00.24 адистиги боюнча адис, экинчи оппонент катары Келинбаева Роза Жармухамедовна, география илимдеринин кандидаты, 25.00.24 адистиги боюнча адис сунушталат. Жетектөөчү мекеме катары Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-өзбек эл аралык университетинин табият таануу жана педагогика факультетинин табигый-илимий билим берүү жана окутуунун усулдары кафедрасы сунушталат. Кандай ой-пикирлр бар бул боюнча?

**Сыдыков Б.К.:** Жетектөөчү мекеме катары башка кафедраны сунуштаса болобу? Табигый илимдер дегени бир аз жакындашпай турат. Диссертациялык кеңештин атынан жетектөөчү мекемелердин санын көбөйтүү үчүн ЖАКка сунуш беришибиз керек деп ойлоймун.

**Низамиев А.Г.:** Кафедранын аталышы табигый-илимий билим берүү деп аталат, анын курамына география, биология жана химия кирет. Көп окуу жайларда кафедралар ушундай аталат. Кыргызстанда география боюнча

окумуштуулар да аз, география кафедралар да аз. Ошондуктан бул сунушту туура деп эсептеймин. Жетектөөчү мекемелердин санын көбөйтүш үчүн ЖАКка сунуш беришибиз керек.

**Төрага Чодураев Т.М.:** Рахмат, урматтуу кеңештин мүчөлөрү эми коргоо датасын аныкташыбыз керек. Кандай ой-пикирлер бар?

**Низамиев А.Г.:** 30-июнь болобу?

**Төрага Чодураев Т.М.:** Июлга такабай, 29-июнга койсок кандай болот?

**Бекбоева М.А.:** Кайсы күн болот экен?

**Төрага Чодураев Т.М.:** Шейшемби болот. Буга кандай дейсиздер?

**Катышуучулар:** 2021-жылдын 29-июнуна макулбуз.

**Төрага Чодураев Т.М.:** Бардык катышкандарга чоң рахмат! Анда токтомдун долбоорун жана бүтүмүн талкууга өтөбүз.

**Катышуучулар:** Анда добуш берүүгө өтөлү.

**Төрага Чодураев Т.М.:** Анда добуш берүүгө өтөбүз. Бизде ачык добуш берүү болот. Момошева Гулиза Абылкасымовнага «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын жактоого уруксат берүүгө ким "макул", ким "каршы", ким "калыс"?

Диссертациялык кеңештин катышкан 11 мүчөсүнөн:

Макул – 11;

Каршы – жок;

Калыс – жок.

**Талкуунун жыйынтыгы менен жалпы бүтүм кабыл алуу менен токтом кылды:**

1.Д.25.21.634 Диссертациялык кеңеши 2021-жылдын 27-майындагы отурумунда Момошева Гулиза Абылкасымовнага «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын карап чыгып, КР ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга тиешелүү талаптарына толук жооп берүүсүн аныктады жана КР ЖАКтын алдында жактоого уруксат берүү жөнүндө сунуш кылат.

2. Коргоо датасын 2021-жылдын 29-июнуна бекитүү менен:

- жетектөөчү мекеме катары Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-өзбек эл аралык университетинин табигый-илимий билим берүү жана окутуунун усулдары кафедрасы, анда тиешелүү адистер бар;

- биринчи расмий оппонент катары Дылдаев Мирлан Муктарович, география илимдеринин доктору, 25.00.24– экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география боюнча адис, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин экология жана менеджмент факультетинин деканы, темага тиешелүү эмгектердин автору;

- экинчи расмий оппонент катары Келинбаева Роза Жармухамедовна, география илимдеринин кандидаты, 25.00.24– экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география боюнча адис, аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин география, жерге жайгаштыруу жана кадастр кафедрасынын доценти дайындалат, темага тиешелүү эмгектердин автору.

3.КР ЖАКтын алдына Момошева Гулиза Абылкасымовнага «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын авторефератын чыгаруу, таркатуу жана КР ЖАКтын сайтына жайгаштыруу боюнча уруксат суралсын.

**Д.25.21.634 Диссертациялык кеңешинин төрагасы,**
**г.и.д., профессор** **Чодураев Т.М.**

**Окумуштуу катчы, г.и.к., доцент** **Акматов Р.Т.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ